УДК 398.9:316.77
DOI 10.35254/bsu/2025.74.42

***Эргешова С.Б.***
*Ош мамлекеттик университети*
*ф.и.к., доцент. ORCID:0009-0000-9784-9518.*
*e-mail:seiilergeshova@gmail.com*

# ЭКОЛОГИЯЛЫК АҢ-СЕЗИМДИ КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ МАКАЛ-ЛАКАПТАРДЫН СЕМИОТИКАЛЫК ЖАНА МЕДИА-КОММУНИКАЦИЯЛЫК РОЛУ

**Аннотация**

21-кылымдагы глобалдык көйгөйлөрдүн бири экологиялык кризис болгондуктан, экологиялык аң-сезимди калыптандыруу бүгүнкү коомдун туруктуу өнүгүшүнүн негизги фактору болуп саналат. Экологиялык көйгөйлөрдүн курчушу коомдук аң-сезимди өзгөртүүнү талап кылып, экологиялык билимди калыптандырууда салттуу маданият менен медиа-коммуникациянын биргелешкен ролу күчөп жатат. Макаланын максаты - макал-лакаптар аркылуу экологиялык баалуулуктарды коомго жеткирүүдөгү медиа коммуникациянын ордун баса белгилөө менен символдордун, семиотикалык белгилердин маалыматты эффективдүү жеткирүүдөгү ролун көрсөтүү. Бул макалада биз экологиялык аң-сезимди калыптандырууда элдик макалдардагы белгилерди жана символдорду чечмелеп, медиа-коммуникациядагы ролун талдайбыз.

**Түйүндүү сөздөр:** фольклордук коммуникация, экосемиотика, табигый кодтор, медиабилим берүү, этникалык мура, символдук таасир, туруктуу өнүгүү, салттуу маданият, социалдык медиа, паремиология

***Эргешова С.Б.***
*Ошский государственный университет*
*к.ф.н., доцент.*
*ORCID: 0009-0000-9784-9518*
*e-mail: seiilergeshova@gmail.com*

# СЕМИОТИЧЕСКАЯ И МЕДИАКОММУНИКАЦИОННАЯ РОЛЬ ПОСЛОВИЦ И ПОГОВОРОК В ФОРМИРОВАНИИ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО СОЗНАНИЯ

**Аннотация**

Экологический кризис XXI века требует трансформации общественного сознания через формирование экологической осведомленности как ключевого фактора устойчивого развития современного общества. Исследование посвящено комплексному анализу семиотической роли пословиц и поговорок в экологическом просвещении населения через медиакоммуникацию. Материалом послужили киргизские народные пословицы, содержащие природные символы и экологические знаки. Применялся семиотический анализ образов воды, земли, животных как культурных кодов традиционного экологического

мировоззрения. Выявлено, что традиционные паремии содержат устойчивые семиотические знаки гармоничных отношений человека с природой. Фольклорная семиотика усиливает доверие к экологической информации в современных медиапродуктах. Использование пословиц в телерадиовещании и социальных медиа повышает эффективность формирования экологической ответственности. Народная мудрость представляет древнюю форму экологического образования.

**Ключевые слова:** фольклорная коммуникация, экосемиотика, природные коды, медиаобразование, этническое наследие, символическое воздействие, устойчивое развитие, традиционная культура, социальные медиа, парамиология

***Seiil Ergeshova***
*Osh State University*
*PhD in Philology, Associate Professor*
*ORCID: 0009-0000-9784-9518.*
*e-mail: seiilergeshova@gmail.com*

# THE SEMIOTIC AND MEDIA-COMMUNICATIVE ROLE OF PROVERBS AND SAYINGS IN THE FORMATION OF ECOLOGICAL CONSCIOUSNESS

**Abstract**

The ecological crisis of the 21st century demands transformation of consciousness through ecological awareness as key factor for development. Research analyzes semiotic role of proverbs and sayings in ecological education through media. Material comprised Kyrgyz folk proverbs containing natural symbols and signs. Semiotic analysis of water, earth and animals served as cultural codes of traditional ecological worldview. Study revealed traditional paremia contain stable semiotic signs of harmonious human relationships with nature. Folkloric semiotics strengthens confidence in ecological information in media products. Use of proverbs in broadcasting and social media increases effectiveness of forming ecological responsibility. Folk wisdom represents ancient form of education.

**Keywords:** folkloric communication, ecosemiotics, natural codes, media education, ethnic heritage, symbolic influence, sustainable development, traditional culture, social media, paremiology

**Киришүү.** XXI кылымда глобалдык экологиялык көйгөйлөрдүн курчушу коомдук аң-сезимди өзгөртүүнү талап кылууда. Экологиялык билимди калыптандырууда медиа-коммуникациянын ролу чоң. Бүгүн дүйнө жүзүндө адамзат жашоосу медиа менен тыгыз байланышта экени талашсыз. Медианын бардык түрлөрү адамдарга жана коомго таасир этет. Заманбап дүйнөдө медиа менен иштеше алуу өтө маанилүү. Медиа маалыматтарды эффективдүү жеткирүүдө белги-символдордун ролуна токтолобуз. Тексттерден баштап, сүрөт-видеолорго чейин ар кандай семиотикалык белгилер маалыматты эффективдүү жеткирүүдө чоң роль ойнойт.

Семиотика белгилерди жана символдорду изилдейт, социалдык медиа белгилер жана символдор көп колдонулган аянтча болуп саналат. Белгилер ар кандай болушу мүмкүн, мисалы: сөздөр, сүрөттөр, жаңсоолор, үндөр жана башкалар [4, 48б.]. Массалык коммуникация билди-

рүүлөрдү түзүү жана берүү үчүн семиотикалык системаларды колдонот. Мисалы, телекөрсөтүүдөгү жарнамаларда көрүүчүлөрдүн көңүлүн буруу үчүн, аларга белгилүү бир идея, ишенимдерди жеткирүү үчүн сүрөттөрдү, үндөрдү жана сөздөрдү колдонушат.

Мындан тышкары, биз белгилүү бир темадагы билдирүүлөрдү бириктирген символдорду, хэштегтерди колдонобуз. Семиотика социалдык тармактарда кандай белгилер жана символдор колдонулуп жаткандыгын жана алардын кандайча эффекттерди жана маанилерди жараткандыгын талдап, түшүнүүгө жардам берет. Мисалы, белгилүү бир эмодзилерди же хэштегтерди колдонуу сезимдерибизди билдирүүгө же белгилүү бир темага көңүл буруга жардам берет. Заманбап медианы талдоодо жана түшүнүүдө семиотика маанилүү, жарнама, теле-радио, социалдык тармактар, интернет – булардын бардыгы маалыматты жеткирүүдө белгилерди жана символдорду колдонушат. Медиа - маалыматты тез жана эффективдүү жеткирген аянтча. Медианын максаты - коомдогу көйгөйлүү маселерди көтөрүп, коомдук көзөмөл жүргүзүү аркылуу коомдук пикир жаратуу. 21-кылымдагы көйгөйлүү маселелердин бири - бул экологиялык кризис. Медиада макалдардагы белги-символдор аркылуу экологиялык аң-сезимди калыптандыруу маселесин көтөрүп жатабыз.

**Изилдөөнүн материалдары жана методологиясы.** Экология - бул элдик дүйнөтаанымдын бир бөлүгү. Элдик дүйнө таанымда табият жандуу система катары кабыл алынат. Медиа - бул түшүнүктү жаңыча формада коомго жеткире алат. Элдик макалдарда экология түз айтылбастан, метафора, салыштыруу, символ аркылуу берилет. Экологиялык маалыматтарды коомго жеткирүүдө медиа-коммуникация көбүнчө илимий фактыларга таянат. Бирок фольклордук семиотика маалыматка ишеним жана баалуулук кошкон күчтүү инструмент. Мисалы, **Суу - өмүр булагы.** Макалда суу табияттын жана жашоонун негизги белгиси катары берилет. Ушул эле макалдын бир канча маанилеш варианттарын карап көрөлү: *Суу - жерге, илим (билим, байлык) - элге, Суу - адамдын жаны, өсүмдүк - каны, Суу аккан арык жашаңча (Суу жүргөн өзөн кургабайт), Суу атасы - булак, сөз атасы - кулак, суу атасы - булак, Суу бар жерде жашоо бар, Суу бар жерде тиричилик бар, Суу башынан тунат.* Макалдардын баарында суу - табияттын белгиси экендиги, анын баасы-баркы берилип жатат. Массалык коммуникацияда ушул сыяктуу макалдарды теле жана радио берүүлөрдө, социалдык медиада колдонуу менен экологиялык түшүнүктөрдү элге жакын жана ишенимдүү формада жеткире алат. Элдик макалдар — экологиялык түшүнүктөрдүн жандуу белгиси.

**“Суу кордогон кор болот, суу сыйлаган зор болот”** - табигый ресурстарды коргоо тууралуу семиотикалык сигнал. Элдик жөрөлгөлөрдө булакка сыйынуу, дарак отургузуу - экологиялык иш-аракеттердин символдук формалары. Медиа-продуктуларда ушул символдорду документалдык фильмдерде, коомдук роликтерде чагылдырсак, экологиялык аң-сезимди жогорулатууга түрткү берет. Ушуга улай дагы бир мисал келтирели. **«Жер ырысы - эл ырысы, Баатыр туулса — эл ырысы, жамгыр жааса — жер ырысы»** - бул макалдарды да экологиялык баалуулуктарды калыптандыруудагы семиотикалык белги катары талдоого болот. Медиада бул белгилерди коомдук аң-сезимге таасир берүүчү культурдук код катары колдонсок болот. ***Семиотикалык код*** - бул белгилердин системалуу түзүлүшү жана коом тарабынан түшүнүлүүчү маанилик түзүлүш [4, 59-б.]. Элдик макалдар ошол коддун маданий бөлүгү.

Бүгүнкү күндө экологиялык көйгөйлөр — глобалдык деңгээлдеги олуттуу маселе. Экологиялык аң-сезимди калыптандыруу

үчүн билим берүү, медиа, маданият жана элдик салттар чоң роль ойнойт. Элдик оозеки чыгармачылык - айрыкча макал-лакаптар - табият менен гармонияда жашоо философиясын муундан-муунга жеткирүүчү байыркы маалымат булагы.

Жаныбарлардын образы аркылуу да табиятты сактоо, экологиялык жоопкерчилик элге каада-салт, макал аркылуу жеткирилген. Мисал келтирели, **«Куш канаты менен, эр эли менен, эл жери менен»** - бул жерде “канат” жана “жер” экологиялык символдор катары чечмеленет. Жаныбарлар жөн гана объект эмес, алар — белгилер системасы. Жаныбарлар — табияттын белгилери. Элдик түшүнүктө алардын кыймылы, үнү, жүрүшү экологиялык өзгөрүүлөргө ишарат берет. Элдик семиотика — бул экологиялык билим берүүнүн байыркы формасы. Макалдар аркылуу адамдар табият менен гармонияда жашоону үйрөнгөн. Кыргыз элдик макалдарында жаныбарлар (арстан, карышкыр, бүркүт, ит, түлкү ж.б.) символ катары колдонулат. Алардын ар бир белгиси аркылуу адам менен табияттын байланышы, экологиялык түшүнүк берүү функциясы ачылат.

Мисалы: **«Чабалекей эрте келсе - жаз эрте келет»** — экологиялык баалуулуктарды калыптандыруудагы семиотикалык белги катары талдоого болот. Чабалекейдин келиши эл арасында бакыттын жана бейпилдиктин белгиси катары каралат . Чабалекей уя курган үйдө жамандык болбойт деген ишеним да бар.

Кыргыз макалдарында жаныбарлар табиаттык объект, маданий белги жана экологиялык символ катары иштейт. Талдоого алып көрөлү:

**Белги** : чабалекей

**Объект**: Табияттагы мезгил алмашуу

**Интерпретант:** “Жаз келди” деген түшүнүк → экологиялык байкоо.

Бул белгилер аркылуу эл жаратылыштын абалын байкап, ага ылайык иш-аракеттерди жүргүзгөн. Бул - байыркы экологиялык аң-сезим. Экологиялык аң-сезим деген - адамдын табият менен гармонияда жашоо жөндөмү, табиятка зыян келтирбөө түшүнүгү. Элдик макалдар бул аң-сезимди:

**Маалымат берүүчү белги катары** (мисалы, жаныбар аркылуу аба ырайын алдын ала билүү);

**Тарбиялык каражат катары** (табиатка болгон сүйүүнү, урматты калыптандыруу);

**Символдук система катары** (жаратылыш менен руханий байланыш түзүү) ишке ашырат.

| Талдоо категориясы | Мазмун |
|---|---|
| Белги | Чабалекей |
| Объект | Жаз мезгилинин келиши |
| Интерпретант (түшүндүрмө) | Табияттагы өзгөрүүлөр жаныбарлардын жүрүш-турушу аркылуу билинет |
| Экологиялык мааниси | Жаратылыштын ритмин, мезгил алмашууну байкап жашоо |
| Тарбиялык мааниси | Табиятты угуу, байкоо, урматтоо маданияты |

Жаныбарлар образы — кыргыз маданиятында жөн гана поэтикалык образ эмес, табиат менен адамдын ортосундагы байланыштын белгиси. Элдик макалдар аркылуу кыргыз эли жаратылышты угуу, байкоо, урматтоо маданиятын муундан-муунга өткөрүп келген. Бул - азыркы экологиялык аң-сезимди бекемдөөнүн байыркы формасы.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Бүгүнкү глобалдык дүйнөдө экологиялык көйгөйлөр адамзаттын жашоосуна түздөн-түз

таасир берет. Климаттын өзгөрүшү, биологиялык ар түрдүүлүктүн азайышы, жаратылыш ресурстарынын түгөнүшү сыяктуу маселелерге каршы күрөшүүдө коомдун экологиялык аң-сезими чечүүчү ролду ойнойт [2, 38-б.]. Экологиялык аң-сезимди калыптандыруу үчүн билим берүү системасынан сырткары элдик маданияттын, улуттук баалуулуктардын да мааниси зор.

Кыргыз эли кылымдар бою жаратылыш менен гармонияда жашап келген. Табиятты түшүнүү, угуу жана урматтоо маданияты элдик оозеки чыгармачылыкта, өзгөчө макал-лакаптарда кеңири чагылдырылган. Макалдар — бул элдин дүйнө таанымынын, байкоосунун жана тажрыйбасынын семиотикалык коду. Алар аркылуу кыргыз эли жаратылыштагы өзгөрүүлөрдү түшүнүп, жаныбарлардын жүрүш-турушун экологиялык белги катары чечмелеген.

Элдик маданиятта жаныбарлар жаратылыштын абалы тууралуу маалымат берчү табиаттык белги катары иштеп келген. Кыргыз элинде жаныбарлардын кыймылы, үнү, жүрүшү, көрүнүшү элге жаратылыштагы өзгөрүүлөр тууралуу маалымат берип турган. Макалдарда жаныбарлар символ катары кеңири колдонулат. Алар табият менен адамдын мамилесин билдирип, экологиялык аң-сезимди калыптандыруучу маанини камтыйт. Элдик макалдарда экология жөнүндөгү маалымат түз эмес, символдук жана образдуу формада берилет. Бул - элдин табият менен болгон тажрыйбасын коддоп, муундан-муунга өткөрүүнүн маданий формасы. Экологиялык аң-сезимди калыптандырууда мындай элдик мурастар табиятты байкоого жана түшүнүүгө, жаратылышка аяр мамиле кылууга үйрөтөт. Азыркы экологиялык билим берүүдө бул мурастарды колдонуу экологиялык аң-сезимди жогорулатуу үчүн маанилүү булак болуп бере алат.

XXI кылымда глобалдык экологиялык көйгөйлөрдүн курчушу коомдук аң-сезимди өзгөртүүнү талап кылууда. Мындай шартта экологиялык билимди калыптандырууда салттуу маданият менен ЖМК-нын биргелешкен ролу күчөп жатат. Элдик макал-лакаптар — бул элдин дүйнө таанымын, экологиялык тажрыйбасын жана баалуулуктарын кыска жана символдук формада сактаган. Бул экологиялык аң-сезимге үндөөчү белгилүү макал. Бүгүнкү күндө экологиялык көйгөйлөр — глобалдык деңгээлдеги олуттуу маселе. Экологиялык аң-сезимди калыптандыруу үчүн билим берүү, медиа, маданият жана элдик салттар чоң роль ойнойт. Элдик оозеки чыгармачылык айрыкча макал-лакаптар табият менен гармонияда жашоо философиясын муундан-муунга жеткирүүчү байыркы маалымат булагы. Кыргыз эли жаратылыш менен тыгыз жашагандыктан, жаныбарлар адамдын жашоосунун маанилүү символдору болгон. Алар элдик макалдарда белгилүү бир экологиялык, маданий жана руханий мааниге ээ. Демек, жаныбарлар образы табияттын белгиси катары каралып, экологиялык аң-сезимди калыптандырууда семиотикалык функция аткарат. Кыргыз макалдарында жаныбарлар табияттык объект, маданий белги жана экологиялык символ катары иштейт.

**Корутунду.** Жыйынтыктай келсек, макал-лакаптар коомдук билимди, тажрыйбаны, баалуулуктарды, көз караштарды чагылдырып, элдин эстутумунда колдонууга даяр бир бүтүндүк катары жашайт. Андагы маанини коомго белги-символдор аркылуу ар кыл кырдаалдарды өз маанисине ылайык типтештирип, медиа-коммуникация чагылдырып бере алат. Алар жагдайларды түрлөйт, иргейт, топтоштурат. Ар бир макал типтүү кырдаалга карата колдонулат. Кырдаалсыз бир да макал колдонулбайт. Ар бир паремиянын жалпылануучу кырдаалдары болот. Алардын колдонулушун, маанисин, милдетин жагдай шарттайт. Макалдарга эффект жаратуучу касиет мүнөздүү. Алардагы эффект

таасирдүүлүгүн, натыйжалуулугун жана баалуулугун жаратат.

Макалдар көбүнчө туруктуу түзүмгө ээ. Кай бирөөлөрү трансформацияланат, кыскартылат (компресстелет), узартылат (жайылтылат), варианттуулук ж.б. өзгөртүүлөргө учурайт. Ошого карабай алардын, түпкү маани-маңызы, семиотикалык үлгүсү өзгөрүлбөйт да, туруктуу бойдон кала берет [11, 17-б.]. Сырткы өзгөрүүлөр ички мазмунун өзгөртө албайт. Биз өзүбүздүн чакан макалабызда макал-лакаптардагы медиа-продукту даярдоодо даяр материал катары колдонуп, андагы белги-символдор аркылуу коомдун экологиялык аң-сезимин калыптоого боло тургандыгын талдоого алдык.

**Адабияттар**


1. Ботобекова, А. Т. Кыргыздардын сүйлөшүүсүндөгү вербалдык эмес байланыш каражаттар системасы : филол. ил. канд. дис. автореф. / Айшат Токтоназаровна Ботобекова. – Бишкек, 2007. – 22 б.
2. Жумагазиева, Н. К. Кыргызстандын мезгилдүү басма-сөзүндө экология көйгөйүн чагылдыруу / Н. К. Жумагазиева. – Бишкек, 2012.
3. Карасаев, Х. Накыл сөздөр : тил казынасынан баян / Х. Карасаев. – Фрунзе : Кыргызстан, 1982.
4. Кыргыз макал-лакап жана учкул сөздөрү / түзгөн М. Ибрагимов. – Карабалта, 2005. – 500 б.
5. Мечковская, Н. Б. Семиотика. Язык. Природа. Культура : курс лекций : учеб. пособие для студентов филол. и лингвист. специальностей / Н. Б. Мечковская. – Москва : Академия, 2007. – 432 с. – ISBN 978-5-7695-4467-5.
6. Мурзакметов, А. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү / А. Мурзакметов. – Бишкек, 2016.
7. Попова, З. Д. Когнитивная лингвистика / З. Д. Попова, И. А. Стернин. – Москва : АСТ : Восток-Запад, 2007. – 314 с. – (Лингвистика и межкультурная коммуникация. Золотая серия). – ISBN 5-17-036076-6.
8. Рысбаев, С. Сөз жөнүндө дастан / С. Рысбаев. – Бишкек, 2012.
9. Өмүралиева, А. Ө. Кыргыз макалдарынын тексттик табияты (тексттик этнолингвистикалык аспект) : филол. ил. канд. дис. автореф. / А. Ө. Өмүралиева. – Бишкек, 1999. – 22 б.
10. Шукуров, Э. Д. Птицы Киргизии : науч.-попул. очерк / Э. Д. Шукуров. – Фрунзе : Мектеп, 1986.
11. Эргешова, С. Б. Паремиялардагы антонимдик концепттердин менталдык мазмуну / С. Б. Эргешова. – Бишкек, 2012.